КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ, СПОРТ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ, СПОРТА И МОЛОДЕЖНОЙ ПОЛИТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2023-жылдын 19-апрели №297

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрынын ачылыш аземин даярдоо жана өткөрүү жөнүндө**

2023-жылдын 24-апрель күнү Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрынын ачылыш аземин өз убагында даярдоо жана ийгиликтүү өткөрүү максатында **буйрук кылам:**

1. Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрынын ачылыш аземине арналган иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү боюнча төмөнкү курамдагы жумушчу топ түзүлсүн:

- Иманалиев Кайрат Олжобаевич - Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана  жана жаштар саясаты министринин биринчи орун басары;
- Толтоев Эрнис Мукашбекович - КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары (макулдашуу боюнча);
- Кадыров Нурбек Суйунбаевич - Ош шаарынын вице-мэри (макулдашуу боюнча);
- Дозоев Бакыт Асаналиевич - Эл аралык байланыштар жана инвестиция тартуу бөлүмүнүн башчысы;
- Эргешбаева Жаннат Акылбековна - Искусствону өнүктүрүү башкармалыгынын башкы адиси;
- Азамат уулу Баястан - Искусствону өнүктүрүү башкармалыгынын адиси;
- Кадыркулов Элдияр Тажибаевич - Ош шаардык маданият башкармалыгынын башчысы;
- Садыбакасова Гулшайыр - министрдин түштүк аймагы боюнча коомдук башталыштагы кеңешчиси;
- Досбаев Топчубай Жоробаевич - министрдин түштүк аймагы боюнча коомдук башталыштагы кеңешчиси;
- Абдуразаков Азам Абдураимжанович - Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрынын директору;

– Турсунов Раушанбек - Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрынын көркөм жетекчиси;
– Калыкулов Керимбек Акматалиевич - С. Ибраимов атындагы Ош Улуттук драма театрынын директору;
– Тоотаев Алишер Тенгизбаевич - Р. Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясынын директору;
– Райымбеков Замирбек Абасович - Н. Шаамурзаев атындагы Ош облустук куурчак театрынын директору;
– Мадаминова Мукарам Токтрсуновна – Ош шаардык П.И. Чайковский атындагы балдар искусство мектеби;
– Эшбаева Инабат Камбаралиевна - С. Бекмуратов атындагы №1 балдар музыкалык мектебинин директору;
– Каримов Нурлан Тентимишович - Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайынын директору;
– Кадермятова Дильбар Дехкановна - Г.Айтиев атындагы балдар атайын сүрөт мектебинин директору;
– Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевич - "Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин директорунун орун басары;
– Доолотова Эльмира Калыгуловна - Т. Мияшев атындагы Ош облустук балдар китепканасынын директору;
– Мырзаева Бактыгуль Мырзаевна - Т. Сатылганов атындагы Ош облустук китепканасынын директору;

2. Эл аралык байланыштар жана инвестиция тартуу бөлүмү (Б. Дозоев) Өзбекстан Республикасынан театрдын ачылыш аземине чакырылган коноктордун тизмесин тактасын.

3. Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрынын директору (А. Абдуразаков) театрдын ачылыш аземин жогорку деңгээлде уюштуруп, өткөрсүн жана Өзбекстан Республикасынан театрдын ачылыш аземине чакырылган конокторду тосуп алуу, узатуу жана мейманканага жайгаштыруу иштерин камсыз кылсын.

4. Ош шаардык маданият башкармалыгынын башчысы (Э.Кадыркулов) жана Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайынын директору (Н.Каримов) иш-чарага режиссердук кылышсын жана 2023-жылдын 20-апрелине чейин иш-чаранын план-сценарийин, концерттик программасын иштеп чыгып, макулдашууга жөнөтүшсүн.

5. Жумушчу топ театрдын ачылыш аземине чакырыла турган инсандардын тизмесин 2023-жылдын 20-апрелине чейин түзүп, макулдашууга жөнөтсүн.

6. Улуттук маданий борбор (С. Надырбеков) иш-чаранын чакыруу баракчаларынын (600 даана) даярдасын.

7. 2023-жылдын 22-23-апрель күндөрү дем алыш күн болгонуна байланыштуу иш-чараны уюштурууга тартылган кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексининин 115-беренесин жетекчиликке алуу менен башка дем алыш күн берүү же эмгектик өргүүгө кошуу каралсын;

8. Ош шаарында жайгашкан Министрликтин карамагындагы мекемелер эмгек жамааты менен бирге уюштуруу иштерине толугу менен

көмөк көрсөтсүн, концерттик программага тийиштүү чыгармачыл инсандардын жана топтордун катышуусун жана керектелүүчү техникалык жабдуулар менен камсыз кылсын;

9. Маалыматтык саясат башкармалыгы (С.Сарногоева) жана Басма сөз кызматы бөлүмү (А. Асанбаева) аталган иш-чараны жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырууну камсыздасын.

10. Адам ресурстарын башкаруу бөлүмү (В. Өмүрбек кызы) Ош шаарынын мэриясы тарабынан сунушталган, театрдын оңдоп-түздөө иштерине салым кошкон инсандарга тапшырылуучу Министрликтин ардак грамоталарын даярдасын.

4. Документтик камсыздоо жана көзөмөлдөө бөлүмү (А. Турсунбекова) буйрукту тиешелүү мекемелердин жетекчилерине тааныштырсын.

5. Буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин биринчи орун басары К. Иманалиевге жүктөлсүн.

**Министр** **А.А. Максутов**